WFP World Food Programme

Национальная платформа Кыргызской Республики по снижению рисков бедствий

ОФ «Альтернатива»

**Жумушчу топтун мүчөлөрү (Араван району) менен 1-жолугушуунун ПРОТОКОЛУ**

2023-жылдын 31-октябры

Жумушчу топтун мүчөлөрү (11 адам) менен 1-жолугушуу “Альтернатива” коомдук фондунун эксперттери (4 адам) аркылуу даярдалды жана Кыргыз Республикасынын ӨКМдин Ош облусу боюнча Башкармалыгынын башчысы – жумушчу топтуп төрагасы полковник Т.А. Касиевдин жетекчилиги менен өткөрүлдү.

1-жолугушуунун жүрүшүндө күн тартибинин төмөнкү негизги маселелери каралды:

- ♦ климаттык тобокелдиктин профилдерин, климаттык тобокелдиктин профилин түзүүнүн инструменттерин иштеп чыгуунун Методологиясын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү боюнча биргелешкен иштерди уюштуруу;
- ♦ максаттуу (пилоттук) аймактар үчүн климаттык тобокелдик профилдерин иштеп чыгууда көмөк жана колдоо көрсөтүү, атап айтканда: Араван жана Ноокат райондору;
- ♦ жергиликтүү деңгээлдеги пилоттук райондордо жумушчу топту (30-40 адам) түзүүдө жана ишин камсыз кылууда КРнын ӨКМдин Ош облусу боюнча Башкармалыгы тарабынан колдоо көрсөтүү;
- ♦ ар бир административдик пилоттук аймактар үчүн климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо боюнча сунуш кылынган иш-чараларды иштеп чыгууга, климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо боюнча иш-чараларды (эки жылга/беш жылга) пилоттук райондордо жергиликтүү өнүктүрүү пландарына интеграциялоого көмөк көрсөтүү;
- ♦ учурдагы ГИС карталарын, анын ичинде кургакчылыкты, сууну пайдалануунун жакынкы келечектеги (2021-2040-жылдар) болжолдоо карталарын иштеп чыгууда колдоо көрсөтүү;
- ♦ бардык кызыкчылыгы бар тараптар – өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр менен тыгыз байланышта жана координациялоодо Концепцияны жана Алгачкы аракеттерди иштеп чыгуу жана илгерилетүү боюнча биргелешкен иштерди уюштуруу;
- ♦ Климаттык тобокелдик профилдерин, климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуунун варианттарын иштеп чыгуу, катаал кыштын малчыларга тийгизген таасирин минималдаштыруу боюнча Алгачкы аракеттерди илгерилетүү жана азык-түлүк коопсуздугунун эл аралык стандарттарын интеграциялоо үчүн БУУнун Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасынын долбоорун ишке ашырууга байланышкан башка актуалдуу маселелер.

1-жолугушуунун катышуучулары – жумушчу топтун мүчөлөрү БУУнун Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасынын климаттык тобокелдиктердин профилдерин, климаттык кырдаалга ыңгайлашуу варианттарын иштеп чыгуу боюнча долбоорун

талкуулоо жана макулдашуу боюнча өткөрүштү. Климаттын өзгөрүшүнө каршы, катаал кыштын малчыларга тийгизген таасирин азайтуу үчүн, ошондой эле эл аралык тамак-аш коопсуздугунун стандарттарын интеграциялоо боюнча Алгачкы аракеттерине көмөктөшүү менен төмөнкү чечимдерди кабыл алышты:

1. Климаттык тобокелдик профилдерин, климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоонун варианттарын иштеп чыгуу боюнча иш-чараларды ишке ашыруу, Алгачкы аракеттерди илгерилетүү, ошондой эле азык-түлүк коопсуздугунун эл аралык стандарттарын интеграциялоо боюнча жумушчу топтун ишин жетектөө жана координациялоо КРнын ӨКМдин Ош облусу боюнча башкармалыгынын башчысы полковник Талант Аскарбекович Касиев тарабынан ишке ашырылат.

2. Жумушчу топтун ишин уюштуруу жана координациялоо КРнын ӨКМдин Ош облусу боюнча башкармалыгынан төмөнкү кызмат адамдарына жүктөлсүн:

- ӨКМдин Ош облусу боюнча башкармалыгынын жарандык коргоону бөлүмүнүн жетектөчү адиси Сафронова Маргарита Анатольевнага;

- Араван районунун Өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн башчысы майор Исакулов Акылбек Шырдакбековичке;

- Ноокат районунун Өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн башчысы капитан Шейшеев Акылбек Таалайбековичке.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн буйругу менен бекитилген кызмат адамдар БУУнун Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасынын, “Альтернатива” коомдук фондунун жетекчилери жана эксперттери менен тыгыз кызматташтыкта:

- климаттык тобокелдиктин профилдерин, климаттык тобокелдиктин профилин түзүүнүн инструменттерин Методологиясын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү боюнча биргелешкен иштерди уюштуруу;

- пилоттук райондор, атап айтканда: Араван жана Ноокат райондору, үчүн климаттык тобокелдиктин профилдерин иштеп чыгууда практикалык жардам жана колдоо көрсөтүү;

- жергиликтүү деңгээлде түзүлгөн жумушчу топтордун ишинин алкагында кызыкчылыгы бар тараптардын кеңири чөйрөсү менен консультациялык жана жумушчу кеңешмелерди өткөрүү графигине ылайык жолугушууларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча биргелешкен ишти уюштуруу;

- ар бир административдик пилоттук аймактар үчүн климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо боюнча сунуш кылынган иш-чараларды иштеп чыгууга, климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоо боюнча иш-чараларды (эки жылга/беш жылга) пилоттук райондордо жергиликтүү социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана Жарандык коргоону пландарына интеграциялоого көмөк көрсөтүү;

- учурдагы ГИС карталарын, анын ичинде кургакчылыкты, сууну пайдалануунун жакынкы келечектеги (2021-2040-жылдар) болжолдоо карталарын иштеп чыгууда колдоо көрсөтүү;

- бардык кызыкчылыгы бар тараптар – өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр менен тыгыз байланышта жана координациялоодо Концепцияны жана Алгачкы аракеттерди иштеп чыгуу жана илгерилетүү боюнча биргелешкен иштерди уюштуруу;

- Климаттык тобокелдик профилдерин, климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлашуунун варианттарын иштеп чыгуу, катаал кыштын малчыларга тийгизген таасирин минималдаштыруу боюнча Алгачкы аракеттерди илгерилетүү жана азык-түлүк

коопсуздугунун эл аралык стандарттарын интеграциялоо үчүн БУУнун Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасынын долбоорун ишке ашырууга практикалык көмөк көрсөтүү.

**Жумушчу топтун катчысы** **Ш. Ташматов**